УДК: 811.512.154(07)

*Курманалиева Ч.А., пед. илим. канд., доцент, Kurmanalieva00@bk.ru*
*Мусаева А.А.*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИНЕН ЭЭ БОЛУУЧУ НЕГИЗГИ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

*Аталган макала билим берүүнүн жаңы мамлекеттик стандартына ылайык башталгыч класстарда окуучуларга билим берүүкомпетенттүүлүккө багытталып, предметтик стандарт компетенттүүлүктүн негизинде түзүлүп, балдар алган билимин турмушта колдоно ала турганына багытталган.*

*Билим берүү тармагынын эң маанилүү компоненти болуп окутуунун мазмуну эсептелгендиктен, кыргыз тили предмети боюнча компетенттүүлүктөргө: тилдик компетенттүүлүктөр; коммуникативдик компетенттүүлүктөр; когнитивдик, б.а., лингвоэтномаданий компетенттүүлүктөр кирет.*

*Инсанга багытталган окутуу бүгүнкү күндө билим берүүдө орчундуу орунда. Себеби окутуу процессинин катышуучуларынын ордун аныктоо менен, алардын бири-бири менен кызматташуусунда пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүгө багытталат. Инсанга багытталган окутуу - бул билим берүүнүн борборуна баланын жекече каалоолорун, кызыкчылыгын жана талаптарын койгон педагогикадагы багыт. Ар бир окуучунун муктаждыктарын, жөндөмдөрүн изилдеп, ошого жараша окуу процессин уюштура билүү мугалимдин көндүмдөрүнөн көз каранды экени белгиленет.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *мектеп, билим, билим берүү стандарты, инсанга багытталган окутуу.*

*Курманалиева Ч.А., канд. пед. наук, доцент, Kurmanalieva00@bk.ru*
*Мусаева А.А.*
*ИГУ им. К.Тыныстанова*

## ОСНОВНЫЕ КОМПЕТЕНЦИИ, ФОРМИРУЕМЫЕ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ ПО КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ

*В соответствии с новыми государственными стандартами образования преподавание для учащихся начальной школы направлен на компетентностный подход. Предметный стандарт создан на основе компетентности, направлен на возможности детей использовать полученные знания на практике.*

*Самым значимым компонентом образования является содержание обучения. Наиболее важными компетенциями предмета кыргызского языка являются: языковая компетенция, коммуникативная компетенция, когнитивная компетенция.*

*Сегодня личностно-ориентированное обучение имеет важное место в образовании. Потому что в процессе обучения определяет место участников, их сотрудничество друг с другом и направлен для решения возникших проблем. Личностно-ориентированное обучение -это педагогическое направление, в котором индивидуальные желания и интересы ребенка ставятся в центр обучения.*

*Организация процесса обучения зависит от мастерства учителя. Так как он изучает потребности, способности каждого ученика.*

***Ключевые слова:*** *школа, образование, государственный стандарт образования, личностно-ориентированное обучение.*

*Kurmanalieva Ch.A., Candidate of Pedagogical sciences, Associate Professor,*
*Kurmanalieva00@bk.ru*
*Musaeva A.A.*
*Issyk-Kul State University named after K.Tynystanov*

## MAIN ACQUIRED COMPETENCES ON THE KYRGYZ LANGUAGE IN THE INITIAL CLASSES

*In accordance with the new state standards of education, teaching for elementary school students focused on competence. The subject standard is created on competence based on the ability of children to use their knowledge in practice. The most significant component of education is the content of education. Most important competences of the subject of the Kyrgyz language are: language competence; communicative competence; cognitive competence. Today, student-centered learning has an important place in education. Because in the learning process the place of the participants, their cooperation with each other plays the main role and they help to solve the problems. Student-centered learning is pedagogical direction in which the individual desires and interests of the child are put in the center of learning. The organization of the learning process depends on the skill of the teacher.As he studies the needs, the abilities of each student.*

***Key words**: school, education, state education standard, student-centered learning.*

2014-жылы КР Өкмөтү тарабынан Билим берүүнүн жаңы мамлекеттик стандарты кабыл алынган. Стандарт билим берүүнүн реформасын аныктай турган документтерден болуп саналат. Эгерде буга чейин мектепте окутуунун мазмунун аныктаганда билимге басым жасалса, эми билимдин натыйжасына, башкача айтканда, балдар алган билимин турмушта колдоно ала турганына багытталат.

Жаңы предметтик стандарттын өзгөчөлүгү‒ мектептик окуучуларга билим берүү компетенттүүлүккө багытталып, материалдар классы жогорулаган сайын жөнөкөйдөн татаалдашып кетет. Эң маанилүүсү: жаңы предметтик стандарт компетенттүүлүктүн негизинде түзүлүп, күтүлүүчү натыйжанын деңгээлдери аныкталган. Азыркы стандарттын максаты — окуучу дүйнө жүзүн кыдырып, дүйнөнүн каалаган жеринде жашай турган болсо, өз алдынча турмуш куруп кеткендей компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу башталгыч класстын деңгээлинде башталып, уюштурулушу. Бул башталгыч класстын бардык предметтерине тиешелүү.

Компетенттүүлүк – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү, тактап айтканда, билим билгичтик, көндүмдөрдү тааныш жана тааныш эмес турмуштук кырдаалдапайдаланып кетүүсү.

Кесип ээсинин компетенттүүлүгүадамдын инсандык жана адистик сапаттарына байланыштуу сыпатталат, анын сапаттарыкесибиндеги жана мамиледеги көрсөткүчтөрү мененаныкталат.

Компетенттик билим берүү негизги жана предметтик компетенттүүлүктүн жыйындысы катары алынат. Мамлекеттик стандарт окутуунун натыйжасы катары негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну аныктайт. Ал эми негизги компетенттүүлүк конкреттүү предметтердин мазмунунан түзүлсө, социалдык тажрыйбасына таянган билим берүү болуп саналат. Жаңы стандартта инсанга багытталган окуу чөйрөсүн уюштурабыз. Окуучунун өз алдынча изденүүгө, өз алдынча ишке, өз алдынча ачылыштарга багыты камсыз кылынат. Инсанга багытталган окууда мугалим билимдин булагы катары эмес, жетекчи, көзөмөлдөөчү, байкоочунун ролунда болот.

Башталгыч класстарда окутууну мамлекеттик стандартына жана окуу

программаларына ылайык, окуучулар кыргыз тили боюнча теориялык билимдердин негиздерине ээ болууга, алган билимдерин практикада кеңири пайдалана билүүгө үйрөнүүлөрү зарыл. Окуучуларга терең билим берүүдө теория жана методика бири-бирименен айкалышып, бири-бирин толуктап жана тактап турат. Окуу куралдарын, илимий- методикалык колдонмолорду, дидактикалык материалдарды, окуу китептерин түзүүдө, иштеп чыгууда илимдин теориясына кайрылбай коюуга мүмкүн эмес.

Предметтик компетенттүүлүктөр билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө айрым предметтердин материалдары менен аныкталат. Ошол топтомго ээ болуп, аны туура пайдаланганды билсе, үйрөнсө, анда бала турмушка, кесипке даяр деп аныктасак, же болбосо аны калыптандырсак, өзүбүздүн максатыбызга жеткен болобуз.

Кыргыз тилин башталгыч класста окутуунун методикасынын негизги булагы болуп лингвистика илими эсептелет. Ал тилдик материалдардын мазмунуна жана өзгөчөлүгүнө жараша изилденип, кыргыз тилин окутуунун ыкмалары менен методдору белгиленет.

Билим берүү тармагынын эң маанилүү компоненти болуп окутуунун мазмуну эсептелет. Кыргыз тили предмети боюнча компетенттүүлүктөр тёмёнкщлёр:

1. *Тилдик компетенттүүлүктөр*:
- тилдин системасы боюнча теориялык билимге ээ болуу;
- адабий тилдин нормасын билүү;
- тилдин сөздүк курамы жөнүндө билимге ээ болуу;
- тилдин грамматикалык түзүлүшүн билүү;
- орфографиялык сабаттулугу;
- сүйлөм түзө билүүсү.

2. *Коммуникативдик компетенттүүлүктөр*:
- кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө жараша иштей билүүсүү;
- түрдүү чөйрөдө сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ болуусу;
- кептин функционалдык түрлөрүнө жараша иштей алуусу;
- кептин стилдерине жараша иштей алуусу.

3. *Когнитивдик, б.а., лингвоэтномаданий компетенттүүлүктөр*:
- тил аркылуу улуттук маданияттын баалуулуктарын үйрөнүү;
- тил менен элдин тарыхын байланышта карап үйрөнүү;
- улут аралык сүйлөшүү маданиятына үйрөнүү;
- тил аркылуу улуттук сөз өнөрүн үйрөнүү.

Тилдик компетенттүүлүктөр аркылуу эне тилинде жазуу маданиятына ээ болуп, тилдин фонетикалык системасы, лексикалык составы, синтаксистик табияты, морфологиядан сөз түркүмдөрү, орфография, пунктуациялык эрежелер жөнүндө тилдик компетенттүүлүктөргө ээ болот.

Теориялык билимдерин жазуу жана сүйлөө ишмердүлүгүндө, кепти сүрөттөө, ой жүгүртүү типтерине ылайык оозеки-жазуу түрүндө текст түзө билүүдө, кеп маданиятына ээ болууда, баяндама, дилбаян жаза билүүдө, жазуу иштерин катасыз жазууга жетиштирүүдө коммуникативдик компетенттүүлүккөээ болот.

Тил аркылуу элдин маданиятын, тарыхын, салт-санаасын, үрп-адатын билип, сөздөрдүн маанилерин, сырларын үйрөнүү.

Кыргыз тили предметинен коммуникативдик касиеттерге ээ кылуу – бул кеп, тил, кеп ишмердүүлүгү аркылуу текстке, анын мазмунуна таянуу, аны талдоо аркылуу лексикалык, грамматикалык материалдарды, адабий тилдин нормасын өздөштүрүү менен так, туура,

таза, орундуу, көркөм сүйлөшүүгө, баарлашууга жетишүү. Тактап айтканда, кыргыз тилин окутууда окуучуга ар кыл кырдаалдарга ылайыктуу түрдүү темаларда, кептин ар кыл түрлөрүн катыштырып, адабий тилдин нормасында сабаттуу, ачык, так, түшүнүктүү сүйлөшө билүү көндүмдөрүн калыптандырууну максат кылып коѐт. "Кыргыз тилин окутууда коммуникативдүүлүк касиеттерге үйрөтүү баланын ички ой-сезимдеринин, ой толгонууларынын ачылышына, өзүнүн кайгы-кубанычын, ийгилик-кемчиликтерин бөлүшүүгө, эне тилин урматтап-сүйүүгө жардам берет. Сүйлөшүүбул баланын окуусу, мугалим, ата-эне, туугандары, достору менен мамилеси, чөйрөсү, максаты, милдети, жашоосу болуп калат, бул баланын инсан катары калыптануусунун, тарбиялануусунун билим алуусунун, интеллектинин өнүгүүсү, алга жылуусу үчүн шарттарды түзөт"- деп белгилейт белгилүү окумуштуу-методист В.Мусаева.

Кептик коммуникативдик касиеттерге ээ кылуу аркылуу кептик компетенттүүлүгүн калыптандыруу бул – кыргыз тили сабагында лексикалык-грамматикалык эреже, аныктамаларды жаттатуу эмес, тескерисинче, баланын турмушунан алынган мисалдар, тексттер, көркөм чыгармалардын алдыңкы үлгүлөрүн пайдалануу менен тилдин системалык курсун окутуунун деңгээлин жогору көтөрүү. Кыргыз тили сабагын окутуудагы негизги максат – эреже, аныктамаларды гана жатка билдирбестен, так, туура, орундуу, логикалуу, оозеки, жазуу кебин калыптандыруу.

Башка предметтерден айырмаланып, эне тили кыргыз элинин маданий мурастарын жеткиликтүү өздөштүрүүгө окуучуларга кеңири шарт түзөт. Эне тилинин айырмачылыгы анда бир гана адабий баалуулуктар эмес, тилди окутуу аркылуу кыргыз элинин тарыхын, андагы баалуу мурастарды, кыргыз жеринин түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүн, кооздугун, тоо жериндеги кооздукту баалай билүүгө жетишүү максаты окуучунун маданиятын, маданий билим деңгээлинин жетилишин шарттайт. Мында окуучулар эстетикалык билимге ээ болушат да, анда адабий түшүнүктөрдү, тилдин адабий чыгармалардагы ордун, сүйлөмдүн көркөм сөз каражаты катары касиетин аныктай алат жана аны жазуу жана оозеки кебинде колдоно алат. Компетенттүүлүктүн бул бөлүмүндө эне тили бардык билимдерди алуунун булагы экендигин окуучуларга түшүндүрүү зарылдыгы турат. Антпесе балдар кыргыз тилин эне тил катары турмушта колдонуп жаткандыгын, ал аркылуу бардык маалыматты алып жаткандыгын анча түшүнө беришпейт. Бул бөлүмдүн негизги максаты адам жашап турган коом бүтүн нерсе экендигин, андагы бардык нерсе бири-бири менен тыгыз байланышта, катышта тура тургандыгын алган билимдерди интеграциялоо аркылуу окуучуларга жеткирүү болуп саналат.

Кептик коммуникативдүүлүккө ээ кылууда тилдин системалык түзүлүшүн, т.а., фонетикадагы сөздүн тыбыштык түзүлүшүн, лексикадагы сөздөрдүн ар кыл маанилерин, синтаксистеги жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн курулушун, морфологиядагы сөз түркүмдөрүн, грамматикалык түзүлүштөрүн, орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди тилдик категория катары окутпастан, баарлашууну, сүйлөшүүнү, карым-катнашты ишке ашыруучу каражат катары пайдаланып окутуу зор роль аткарат.

Тилдин бардык элементтерин бириктирүүчү мындай ыкмада окутуу процессинде тилдин системасы жана мыйзамдары тексттин негизинде гана окутулат. Тилдик бирдиктер текстте гана жаңы, атап айтканда, текст түзүүчү, текст жаратуучу функцияларга ээ болот. Бул жөнүндө көптөгөн окумуштуулар өз эмгектеринде белгилешкен. Белгилүү окумуштуу Ж.Чыманов тилдин колдонулушу тууралуу маалымат берүүнү тил жана кеп, кеп маданияты, стилистика, текст таануу сыяктуу маселелердин эң соңку мезгилге чейин кыргыз тил илиминде изилдебегендигин белгилөө менен, тил, кеп жана текстти бирдиктүү система катары алып, кыргыз тилин окутуунун башкы принциби катары сунуштайт

Өз эне тилинде туура сүйлөөсү, өз оюн башкаларга ачык, так жеткире билүүсү, оозеки кеп ишмердүүлүгү, диалог, монолог, маектешүү, жазуу жүзүндө баяндама, дилбаян, эссе, кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү боюнча практикалык иштерди аткара алуусу, кырдаал, шартка ылайык мазмундуу сүйлөй билүүсү, иш кагаздарынын үлгүлөрүн даярдай алуусу, тактап айтканда, кыргыз тили сабагынан алган билгичтик, көндүмдөрүн өзүнүн турмушунда кенен пайдаланууга жетишүүсү эң маанилүү.

Инсанга багытталган окутуу – көңүл борборунда бала болгон окутуу. И.С.Якиманскаянын аныктамасына ылайык, инсанга багытталган окутуу “окуучуну бүтүндөй билим берүү процессинин башкы каарманы катары таануу” дегенди билдирет. Бүтүндөй окуу процесси ушул негизги жобого шайкеш келтирилиши керек.

Бул окутууда окуучунун субъективдүүлүгүн эске алуу менен, окуу процессинин мазмуну да, методдору да, эң башкысы, мугалим менен окуучунун мамилесинин стили да аныкталат. Окуучу окуу процессинде мугалимдин тең укуктуу өнөктөшү деп таанылат. Мугалим ар бир окуучунун интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн изилдеп үйрөнүп, алардын жөндөм өзгөчөлүктөрүнө жараша тапшырма берүүсү талап кылынат. Инсанга багытталган окутуу башталгыч класста окутуунун негизги багыттарынын бири болууга тийиш. Ал окутуунун натыйжалуулугун арттырууга, окуучулардын инсан катары калыптануусуна жагымдуу шарт түзөт.

Окутуунун мындай жолдорун уюштурууда суроо тапшырмалар, проблемалык кырдаал түзүү сыяктуу элементтери пайдаланылат.

Башталгыч класстарда окуучуларга билимдердин негиздерин даяр түрүндө бербестен, алардын өздөрүн сабакка активдүү катыштыруу, окуучулардын ой жүгүртүүсүн калыптандыруу, өз алдынча иштөөгө машыктыруу зарыл. Бул маселелер көптөгөн окумуштуу-методисттер тарабынан изилденип, иштелип чыкты. Алардын катарына В.Занковду, Ш.Амонашвилини, С.Лысенкованы ж.б. окумуштууларды киргизүүгө болот. Бул окумуштуулар мектепте окутуу процессинде проблемалуулукту колдонуу, проблемалык кырдаал түзүү сыяктуу маселелерге кайрылып, анын окуучулардын билим деңгээлин эске алуу менен, алардын билимге болгон умтулуусун күчөтүү, ой жүгүртүүчү тапшырмаларды берүү аркылуу өз алдынча иштөөсүнө жетишүүсүнө багыт берерин белгилеген.

Жыйынтыктап айтканда, билим берүү стандарттары аркылуу билим берүүнүн маңызын өзгөртүүнүн максаты болуп башталгыч мектептин окуучулары маданияттуулук, сабырдуулук, атуулдук, эмгекти сүйүү, өз алдынча чечим кабыл алууга жөндөмдүү, алынган билимдерин турмушунда колдоно билүү, коммуникативдүүлүк, демилгелүүлүк, билимге болгон кызыгуу жана өзүн-өзү өркүндөтүү сыяктуу сапаттарды калыптандыруучу жана камсыз кылуучу компетенттүүлүкө ээ болушу саналат. Окуучулардын маалыматка ээ болушун эмес, практикалык иште келип чыккан көйгөйлөрдү чече билишин биринчи орунга койгондугу компетенттүү мамиленин өзгөчөлүгү болуп саналат.

Кыргыз тилин башталгыч класстарда окутуу эң маанилүү иш болуп саналат. Анткени ал кенже класстардагы сабактардын ичинен эң негизгиси болуу менен бирге, башка сабактарды окутуу ишинде, окуучулардын оозеки жана жазуу кептерин байытууда, грамматикалык сабаттуулугун калыптандырууда, логикалык ойлоосун өстүрүүдө жана тарбиялык багыттар боюнча иш алып барууда негизги ролду ээлейт. Тилчи-окумуштуу К.Сартбаев белгилегендей, “Окуучунун жалпы сабаттуу болуп чыгышынын өзү да эне тили сабагы менен тыгыз байланыштуу”. Башталгыч класстардын окуучулары кыргыз тили сабактарында эне тилибиздин грамматикалык түзүлүшү менен таанышып, кебин жана ой жүгүртүүсүн калыптандырышат, адабий тилдин нормасында туура сүйлөөнү жана

орфографиялык эрежелерге ылайык сабаттуу жазууну үйрөнүшөт.

**Адабияттар:**

1. Башталгыч мектепте “Эне тилин” окутуу боюнча (1-4) предметтик куррикулум. – Бишкек, 2010.
2. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. -Бишкек, 2004.
3. Кыргыз Республикасында орто билим берүүнүн Улуттук алкактык куррикулуму (долбоор). -Бишкек, 2009.
4. Мусаева В.И. Окуп үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар, максаттар жана көрсөткүчтөр. Кыргыз тили. 5-9-кл. USAIDдин «Сапаттуу билим» долбоору [Текст] методикалык колдонмо В.И.Мусаева Т.А.Асанакунова. -Бишкек: Билим, 2012.
5. Рысбаев С.К. Кыргыз тили, адабияты мугалимине 100 кеңеш. -Бишкек, 2016.